**УДК 820 - 2.1** **https://doi.org/10.56122/..v2i2.240**

# ТУУРА ТАРБИЯ - КЕЛЕЧЕКТЕГИ БЕКЕМ ҮЙ БҮЛӨНҮН НЕГИЗИ
# ПРАВИЛЬНОЕ ВОСПИТАНИЕ - ОСНОВА КРЕПКОЙ БУДУЩЕЙ СЕМЬИ
# PROPER EDUCATION IS THE BASIS OF A STRONG FUTURE FAMILY

**Исмаилова Ибадат Мусаевна** БатМУнун М.М.Тайиров атындагы
Кызыл-Кыя гуманитардык – педагогикалык институту, окутуучу
aarystanova956@gmail.com

**Рысбаева Акмарал Абдилатовна** Кызыл-Кыя шаарындагы
Кыргызстандын 50 жылдыгы атындагы №2 орто мектеби,
кыргыз тили жана адабияты мугалими

**Аннотация**

*Ата-бабаларыбыз үй-бүлөнү, никелешүүнү тээ атам замандан бери ыйык деп эсептеп келишкен. Үй бүлө курган соң, анын бекемдиги үчүн кам көрүү балдарынын бактысы үчүн күрөшүп жашоо, ажырашууга жол бербөө, "ала жипти аттабоо" сыяктуу эч жерде жазылбаган улуу муундардан урпактарга уланып келаткан мыйзамдарыбыз бар. Ааламдашуу доорунда ушул улуттук нарк-насилибизди сактоодо жаш муундарга элдик педагогикадан таалим берүү, биз, окутуучулардын кечиктирилгис милдети. Макалада ушул багытты ишке ашырууда ата-бабалардан бизге калган сөз берметтери болгон макалдар, учкул сөздөр жана доордун залкар сүрөткери Ч. Айтматовдун чыгармаларына кайрылуу максатка ылайык. "Улуттун эң кымбат байлыгы-анын ыймандык адептик адамгерчилик сапаты",- деп айткан. Көркөм сөз зергеринин кайсы чыгармасын окусак да, ар бир адамга эстетикалык табит тартуулоо менен бирге азыркы күндөгү көйгөйлүү маселелердин бири болгон үй-бүлөнүн бекемдиги адамгерчиликке барып такалары жөнүндө бизди ойлонууга мажбур кылат.*

*Улутубуздун реалдуу турмушунун ички диалектикасын, философиясын, адеп- ахлактык наркын, ээлтен келаткан адамгерчиликтин маданий уюткусун жаш муундарга жеткирүүдө үй-бүлө менен коомчулуктун бирдиктүү тарбиясы зарыл.*

***Ачкыч сөздөр.** Үй-бүлө, никелешүү, миграция, нарк-насил, элдик педагогика, адамгерчилик, абийир, улуттук байлык, адептүүлүк, кеменгер ата-бабалар.*

**Аннотация**

*Наши предки считали семью, брак священными еще со времени предков. У нас есть законы, которые передаются от старших поколений к потомкам, которые нигде не прописаны, такие как жизнь после брака, борьба за счастье своих детей, забота о его прочности, предотвращение развода, "не пропускать пятнистую нить". В эпоху глобализации мы, педагоги, несем неотложную обязанность обучать молодое поколение народной педагогике при сохранении этой национальной ценности. В статье представлены пословицы, поговорки и оставшиеся нам от предков в реализации этого направления, а также работы выдающегося художника эпохи целесообразно обратиться к произведениям Айтматова. "Самое драгоценное достояние нации ее верующие нравственные человеческие качества", - говорил Н.Г.Чернышевскии.*

*Какое бы произведение мастера художественного слова мы ни читали, оно заставляет нас задуматься о том, как прочность семьи, которая является одной из самых проблемных в наши дни, наряду с эстетическим вкусом каждого человека, восходит к человечеству.*

*Необходимо совместное воспитание семьи и общества в передаче молодым поколениям внутренней диалектики, философии, нравственных ценностей реальной жизни нации, культурных традиций наших предков.*

***Ключевые слова.** Семья, брак, миграция, народная педагогика, человечность, совесть, национальное богатство, порядочность, ум предков.*

**Annotation**

*Our ancestors considered family and marriage sacred since the time of our father. We have laws that are passed down from older generations to descendants that are not spelled out anywhere, such as*

*life after marriage, fighting for the happiness of their children, taking care of its durability, preventing divorce, “not missing a spotted thread.” In the era of globalization, we, educators, have an urgent duty to teach the younger generation folk pedagogy while preserving this national value. The article presents proverbs, sayings and sayings left to us from our ancestors in the implementation of this direction, as well as the works of an outstanding artist of the epoch of ch. It is advisable to refer to the works of Aitmatov. ”The most precious asset of the nation is its faithful moral and human qualities," N.G. Chernyshevsky said. Whatever work of fiction we read, it makes us think about how the strength of the family, which is one of the most problematic nowadays, along with the aesthetic taste of each person, goes back to humanity.*
*It is necessary to jointly educate the family and society in passing on to the younger generations the inner dialectic, philosophy, moral values of the real life of the nation, and cultural traditions of Ancient mankind.*
**Keywords.** *Family, marriage, migration, value violence, folk pedagogy, humanity, conscience, national wealth, decency, Kemenger ancestors.*

Кыргыз эли башка дүйнө элдериндей эле үй-бүлөнү ыйык деп эсептешкен. Үй-бүлөнүн бүтүндүгүн, ынтымагын сактап калуу бир шаардын тынчтыгын сактап калууга тете болгон. Үй-бүлөдөгү тынчтык, камкордук, мээрим айрыкча балдарга керек. Бала төрөлгөндөн тартып өзүнө камкордукка, сүйүүгө, дайыма көңүлдүн борборунда болууга муктаж. Ушул баалуулуктар болгондо гана бала өзүн бактылуу сезет, туура калыптанат, демине-дем кошулат. (3.291бет)

Тилекке каршы учурда Кыргызстанда күчөгөн тышкы миграция көйгөйү үй-бүлөнүн жылуу уясын бузуп, эзелтен келе жаткан нарк-насилибизге доо кетирүүдө. Статистикага таянсак, 2024-жылдын июнь айында элдин саны 7 миллион 181 миңге жетти. Кыргызстандын эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министринин орун басары Дарманкул уулу Бакыттын билдирүүсүнө караганда, Россияда 4жүз 11миң, Казакстанда 65миң, Туркияда 60миң, АКШда 36миң, Кореяда 14миң жаран миграцияда жүрөт.

Миграция менен эмнени айтмакчыбыз. Үй-бүлө багам деп чет жерге барып алып, бала чакасын унутуп, негизги максаттан тайып, жат бирөөгө үйлөнүп алган, же өзүнөн кичине жаш балдардын башын айлантып тийип алган аялдар да жок эмес. Миграцияда жүрүп өз үй-бүлөсүн же капкалуу шаардын бузулушуна жол берген үй-бүлөлөрдө балдардын толук кандуу бактылуу өсүшүнө кедергисин тийгизген фактылар өзүбүздүн кичинекей айылыбыздан да табылат. “Чымчыктын да уясы бузулбасын” дегендей балдарына эле кыйын болду. Бала бардык жакшылыкты камкордукту, боорукердикти, кең пейилдүүлүктү толук кандуу үй-бүлөдөн алат. Ата-эне мээримин албаган балдар орой, урушчаак, эки жүздүүлүк менен жашаган,кээде өтө түнт болуп өсүп калат. Үй-бүлөдөгү ар бир кубаныч, биргелешкен эмгек, камкордук, балдар менен тирүү байланыш балада үй-бүлө сезимин абдан өнүктүрөт. (8.312)

Бүгүнкү күндө жарандарыбызга өзгөчө жаштарыбызга ыймандуулукту, адеп-ахлактуулукту, маданияттуулукту, адамгерчиликти, жалпы эле таалим-тарбияны жогорулатуу мезгилдин талабы. Анткени учурда ааламдашуу доорунун татаалдыгы, маалыматтардын ашкере жыштыгы, өзгөчө жаштарыбыздын ыйманын, адебин, маданияттуулугун, таалим тарбиясын башка сапаттарга алмаштыра баштады. Ошондуктан жаштарга, эртеңки үй- бүлө башчыларына туура тарбия берүүдө биз окутуучулар, эки кылымды шаңдуу нурландырган классик жазуучу (Кытай жазуучусу Жаң Чыңжы) Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына кайрылабыз. Анткени өз чыгармаларында жеке кызыкчылыктан адамгерчиликти жогору коюп, адам баласын кун сайын адам болууга чакырган. Даңазалуу жазуучу үй-булөнун бекемдигине доо кетирбей, адамгерчиликти туу туткан каармандары аркылуу өз чыгармаларында чебер сүрөттөп берген. “Кыямат”, “Кылым карытар бир кун” , “Делбирим” повесть, романдары. Маселен, “Делбирим” повестинде Илиясты арадан беш жыл өтүп, бир кезде жандан артык сүйүп үйлөнгөн Асел менен Долон ашуусунун боюндагы жолчу Байтемирдин үйүнөн тагдыр аларды кайрадан жолуктурду. Аварияга учураган Илиясты

адамгерчилиги бийик Байтемир үйүнө кондуруп, өзүн да, машинасын да оңдоп узатты. Ал түнү үчөө тең уктабай жатты. Эртеси Илияс кетеринде, Асел уулун колунан бекем кармап кабинанын жанында турат, бир маалда жекире, жаны ооруган аео менен карады эле, өлүп кете жаздадым, ушул азыр күнөөм үчүн башымды аябас элем, иши кылып эптеп уулум экөө кечирсе, кайра кайрылып мага келишсе болду эле. Кабинанын ачык каалгасынан эңкейдим:

- Асел! Уулуңду ал да, түш машинеге. Баягыдай кылып алып кетейин. Түбөлүккө! Түшчү!-деп мотордун добушуна үнүмдү жашыра жалбарып жибердим. Асел эчтеке дебеди, жашылданган көздөрүн акырын ала качып, башын чайкады. Саматты жетелеп, шылкыя басып кете берди (1.380-бет)

Асел канчалык Илиясты сагынып, күтүп жүрсө да, Байтемирдин күчтүү адамгерчилигин, ага кылган жакшылыгын аттап кете алган жок. “Адамгерчилик атаңдан улук” деген эч жерде жазылбаган мыйзам бар улутубуздун нарк –насилинде. Болбосо “Кылым карытар бир күн” романын алалычы. Кыштын кычыраган күндөрүндө Эдигейдин Каранар деген төөсү алыскы башка үйүрлөргө качып кетти да, ал аны таап келүү үчүн эки күн өткөрүп келди. Кичинекей кызы чуркап келди да:

-Ата,- деди Сауле эркелеп, Даул менен Эрмек кетип калышты.

-Каякка кетип калышты?

-Биротоло кетишти. Апасы менен кошо поездге түштү да кетип калышты.

-Кетип калган кандай? Качан кетишти?

-Бүгүн эрте менен.

Эдигей Зарипанын үйүнө далбактаган бойдон чуркап барды, ээн үйдө балдар да, Зарипа да жок экенин көрүп жаман болуп кетти. Өмүрүндө мындай жаман болгон эмес. Ичтен кайнап жарылып келаткан ызалык менен жоготуунун кайгысын кантип басарын билбей турду. (2. 243-бет)

Ошентип Эдигей жокто Зарипа кайда кетерин эч кимге айтпай, бул жерден кетип калды. Анткени Эдигейдин көз карашы күндөн-күнгө өзгөрүп, Зарипа менен балдарын көрбөсө бир күн да чыдай албай бараткан. Эстүү келин мунун баарын сезип, туюп, бул адамгерчилиги бийик үй- бүлөгө доо кетирбейин деп, биротоло ал жокто кетип калган тура. Мындан эмне деген адамдык сапаттын жогорку үлгүсүн көрөбүз. Өз кызыкчылыгынан да Эдигейдин үй-булөсүнүн бүтүндүгүн, балдарынын бактысын ойлоп, барар жери болбосо да, абалы өтө оор болсо да бул жерден кете берди.

“Маданияттуулук адамдын жүрөгүндө эмес болсо анда ал эч жерде эмес”. Түркиянын Гимнин жазган акын жана улуу ойчул Мехмет Акиф Эрсой 19-кылымдын башында ушунчалык жакшы ойлорду айткан, муну менен анын кыраакылыгын көрүүгө болот. “Батыш” адамзатка үлгү катары көрсөтүүгө аракет кылган “аянычтуу” коомго айланды. (5.39 бет) Андагы жашоо образы биздин улуттук менталитетке эч качан ылайык келбейт. Кыргыздын табиятындагы берешендик, кайратмандык, мээр- акыбет, урмат-сый, атуулдук ар-намыс, үй-бүлөгө бекемдик жана башкаларга үлгү болуу-бул улуу маданият деп ойлойбуз. (7. 91-бет) “Улуттун эң кымбат байлыгы анын ыймандык, адептик, адамгерчилик сапаты”,- деп Н.Г.Чернышевский белгилеп кеткендей кыргыз эли байыртадан эле өзүнүн адептүүлүгү, ыймандуулугу, жүрөгүнүн тазалыгы менен даңктуу.

Адептүүлүккө, адамгерчиликке тарбиялаган эмне деген нускалуу макалдар, учкул сөздөрүбүз бар. Ушуларды бизге мурас калтырган ата-бабаларыбыз, демек ,тегин адамдар болбогон. Не деген элдик педагогиканын мазмундуу үлгүлөрү бар: “Баланын өзү азиз, өзүнөн да адеби азиз”, “Адамгерчилик атаңдан улук”, Адептүүлүккө жакшылык-жамандык, абийирдүүлүк- уятсыздык, айкөлдүк-кара ниеттик деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берилет. (4, 438 бет). “Адептүүлүктү адепсизден үйрөн” дегендей, аракеч атанын балдары көпчүлүк уй-бүлөлөрдө аракка жолобойт.

Мектепке киргенден тартып тарбиялоо жараянын негизинде балдардын калыптануусу кош мүнөзгө ээ болот. Үй-бүлө менен мектептин максаттуу өз ара аракеттенүүсү гана баланы толук кандуу инсан кылып чыгара алат. Ошол үчүн таланттуу педагог Гапыр Мадаминовдун,

“Энелердин мектеби” идеясы колдоого аларлык. Бала тарбияга моюн сунуп өз эрки менен анын таасирине моюн сунбаса адептүүлүк сапатка ээ боло албайт. В.А.Сухомлинскийдин айтуусу боюнча өзүн бактысыз, шор пешене деп эсептеген балдарды күнүмдүк тапшырма берип, аны аткартып, талап коюу менен тарбиялоого болбойт. Ал үчүн балада бактылуулук, кубанычтуулук пайда кылуу керек (10-. 70-бет)

Бактысыз баланын акылы менен сезими адептүүлүктүн сулуулугун сезүүгө жөндөмсүз. Баланын жүрөгү башкалар жөнүндө тынчсызданып, кам көрүү зарылдыгын сезе баштаса гана ал бирөөгө сөзсүз жакшылык кылгысы келип, кам көрүп, боорукер инсан болуп чыга келет. Бала адам катары толук ишенип тыянак кыла турган, үлгү ала турган инсан менен чогуу жашаш керек. “Жакшы бол, адамгерчиликтүү бол” деп курулай айткандан бала адамгерчиликтүү болуп калбайт. “Миң уккандан, бир көргөн” дегендей ата-эне өзү адамгерчиликтин мыкты үлгүлөрүн көрсөтүп жашоосу абзел.

Ата-энелер да, мугалимдер да, балдардын каалоосуна, талабына дайым эле көңүл бурбайт, тыюу салат. Аларды катуу жазалоо менен каалоолору жоюлуп калбайт. Мындай жаза токтошу менен бала өз каалоосун ишке ашырууга умтула баштайт, ата-энесине калп сүйлөп, алдамчылык, эки жүздүүлүктү үйрөнөт.

Айылда ата-энеси тынымсыз тыюу салып турган балдар, көбүн эсе кыздар шаарга келип тез эле тескери кадамдарга тушкөнүн көрүп жүрөбүз. Туура адеп ахлактуулукка тарбиялоонун дагы бир душманы- баланын оозунан чыккан бардык талабын аткаруу. Кеменгер ата-бабалардан: “Балаңды бактысыз кылам десең, айтканын кыла бер” деген накыл бекеринен калбаган.

Ошол интернет аркылуу төгөрөктүн төрт бурчунан тынымсыз келип жаткан түркүн көрсөтүүлөр балдарды китеп окуу баалуулугунан ажыраткандыгы абдан өкүнүчтүү. Классикалык адабияттан же музыкадан, маселен, Чайковскийдин “Аккуу Көлү” же өзүбүздүн “Кыргыз көчү” күүлөрү көпчүлүк студенттерде эч кандай таасирди пайда кылбайт. Мындан 10 кылым мурда даанышман ойчул бабабыз Жусуп баласагын:

“Наадан көрбөйт, сокур анда көкүрөк, Ач көзүндү, билимге умтул тезирээк”. (9.58) деп, билимсиз, ички дүйнөсү жарды адам ар кандай адамгерчиликсиздикке барарын айткан.

Жакшылыктын үрөөнүн сээп, ички дүйнөсү бай өскөн жигит башка бирөөлөрдү өлүмдөн, көпчүлүк учурда таанybaган бирөөнү сактап калып, өзүн майып кылат, же өлүмгө дуушар болот. Маселен өз агамдын баласы досунун тоюнда Баткендин Төрт- Күл көлүнүн боюнда сүрөткө түшүп жатып, чөгүп баратып жардам сураган үндү угуп, балдардын бирөөсүн куткарып чыккан, кайра экинчисин да куткарууга барып, чөгүп кеткен. Бекжан аттуу бакубат, мыкты, ата-энесинин жалгыз баласы болчу. Бул да ата-эненин баласына адамгерчиликтин үрөөнүн сээп чоңойтуп өстүргөнүнүн далили. Үй-бүлөнүн бекемдиги жигиттин да, кыздын да абийиринин таза болуусунан башталат. Бул жаатта элдик педагогиканын ролу чоң. Кыздын абийиринин тазалыгы бир гана өзү эмес, ата-энесинин, тууган уругунун, бүт уруунун абийири болгон. “Уят өлүмдөн катуу” деген накыл сөз бекеринен айтылбайт. Элдик педагогика жигиттеги зарыл сапат-бул анын ар-намысы деп эсептейт. “Коенду камыш, эрди намыс өлтүрөт” дегендей эр жигит аялынын, балдарынын, кайын журтунун алдында эч качан сараңдык, ач көздүк же болбосо аракечтик сыяктуу намыссыздыкка жол бербей, ата-бабалардан калган айкөлдүк, мырзалык, жоомарттык, сергектик, такыбалык сыяктуу асыл сапаттар менен калыптанган болсо, анда анын үй-бүлөсү урагыс бекем, балдары бактылуу болуп өсүшү, үй-бүлөсүнүн бекем болушу анык. Илим менен улуттук нарк-насилибизди, баалуулуктарыбызды айкалыштырып тарбиялоо биз педагогдордун жана ата энелердин ыйык милдети.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Ч. Айтматов 2-том Фрунзе 1982
2. Ч. Айтматов 3-том 1983
3. Жумабаева Д.С “Ч. Айтматов-чыгармаларда Үй-бүлөдөгү зордук зомбулукту айыптаган гумандуу жазуучу” Бишкек 2022

4. Б. Апыш Д. Бабаев Т. Жоробеков Педагогика Бишкек 2022
5. Саид Чамлыжа “Бала тарбиялоодо 33 ката” “Таалим” сериясы 2023
6. Исмаилова И.М Муратовдук окуулар Бишкек 2024
7. Исмаилова И. М. Весник Кыргызстана” Бишкек 2023
8. Титаренко В. Я . “Семья и формирования личности” Москва Мысль 2005 312
9. Жусуп Баласагын “Кут алчу билим” Фрунзе 1989
10. Б. Апыш “Тарбия назарияты” Ош. 1996

**УДК 781.7**

# МЕКТЕПТЕ САЛТТЫК МУЗЫКАНЫН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ
# ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ ТРАДИЦИОННОЙ МУЗЫКИ В ШКОЛЕ
# EDUCATIONAL SIGNIFICANCE OF TRADITIONAL MUSIC IN SCHOOL

***Нуридин уулу Санжарбек,***
***Ош мамлекеттик университети, окутуучу***
***Кадырова Айнура Насировна,***
***Ош мамлекеттик педагогикалык университети, улук окутуучу***
**kadyrovaainyra01@gmail.ru**

***Аннотация.*** *Макалада кыргыздын салттуу музыкасы, алардын мектеп окуучуларын өсүп- өнүгүүсүнө, тарбиясына тийгизген таасири баяндалды. Даанышман аталарыбыздын төктөмөлүк өнөрүнөн мисал келтирилип, оозеки чыгармачылыкты балдарга жеткирүү жагы каралды. Билим берүү - мыкты салттуу кыргыз элинин маданиятын мурастоо үчүн эң эффективдүү каражат. Окуучуларга өз улутунун салттуу музыка маданиятын өздөштүрүү, аларды түшүнүү, келечек муундарга өткөрүп берүүдөгү эвфективдүү жол катары, мектептеги элдик ырларды, чыгармаларды аткаруу өзгөчөлүктөрү белгиленди. Кыргыз элинин тарыхында улуттук музыка маданияты тарыхтын узун дарыясындай агып, жайылып келе жатат. Салттуу музыка буга чейин оозеки түрүндө да жайылтылып келген. Ага элдик ырларды, бийлерди, элдик музыканы, элдик чыгармачылык музыкалар кирет. Демек, окуучуларга салттуу музыканы түшүндүрүү, таланттуу балдар менен иштөөдө аларды колдонуу сунушталды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Салттуу музыка, мектеп, окуучулар, элдик ырлар, фольклор, жомок, улуттук аспаптар, маданият ж.б.*

***Аннотация.*** *В статье описывается традиционная кыргызская музыка, ее влияние на рост и развитие школьников. Был приведен пример искусства письма наших мудрых отцов, рассмотрен аспект передачи словесного творчества детям. Образование является наиболее эффективным средством наследования лучших традиций кыргызской культуры. Отмечены особенности исполнения народных песен и произведений в школе как эффективный способ овладения учащимися традиционной музыкальной культурой своего народа, понимания ее и передачи будущим поколениям. В истории кыргызского народа национальная музыкальная культура течет и распространяется, как длинная река истории. Традиционная музыка в прошлом также распространялась устно. В него входят народные песни, танцы, народная музыка, народное творческое музыкальное творчество. Поэтому было рекомендовано объяснять учащимся традиционную музыку и использовать ее в работе с одаренными детьми.*

***Ключевые слова:*** *Традиционная музыка, школа, учащиеся, народные песни, фольклор, сказки, национальные инструменты, культура и др.*

***Abstract.*** *The article describes traditional Kyrgyz music, its impact on the growth and development of schoolchildren. An example of the art of writing of our wise fathers was given, and*